
# Куранда арамдар (тыюулар) бүдөмүк айтылган эмес




«Аялдын алынган тырмактары да күнөө» деген өкүмдү чыгарган фанаттык түшүнүктү кароодо төмөнкү маанилүү жагдайга токтолуу зарыл. Аллах Куранда арам (күнөө) жана адалдарды өтө так жана апачык кылып бизге билдирген. Мусулмандар, мисалы чочконун этинин арам экенин **«Ал силерге өлүктү (тарпты), канды, чочконун этин жана Аллахтан башканын атына союлган (мал)ды толук арам кылды...»** (Бакара Сүрөсү, 173) аяты аркылуу билишкен. «Толук арам кылды» өкүмүндө бир мусулман күмөнгө түшө турган, чечмелөө жана тафсирлерге карап тыянактар чыгара турган, кайчы пикирде кала турган эч нерсе жок. Дагы бир мисал болсо пайыз мисалы. **«Аллах сооданы адал, пайызды арам кылды.»** (Бакара Сүрөсү, 275) аяты аркылуу пайыз мусулмандарга ачык, даана тыюу салынган. Бул аятка карабастан, эч ким муну талкуулап, «пайыз менен сооданын айырмасы жок» деген тыянак чыгара албайт.

Ошондуктан биз арамдарды (тыюуларды) бир катар тафсирчилердин жеке күмөндөрү менен чыгарган тыянактарынан, аяттарга кошкон кашаанын ичиндеги чечмелөөлөрүнөн же хадистерден эмес, түздөн-түз аяттын өзүнөн түшүнөбүз. Нур Сүрөсүнүн 31-

аятында да жогоруда айтылгандай көздөлгөн маани апачык берилген. Бирок бир катар тафсирчилердин аяттардын ичине кашаанын ичинде өз оюн кошуу катасы өзгөчө ушул аятта өтө көп жасалган. Мисалы, кээ бир тафсирчилер өз оюна жараша өкүмдөрдү чыгарган мазхап имамдарынын таасиринде калышып, бул аятка кашаанын ичинде «жүз жана кол сыяктуу көрүнгөн бөлүктөрдөн тышкары» деген кошумчаны кошушкан. Бирок, эгер Исламда аялдардын «кол менен жүзүнөн тышкары бүт тарабын жабышы» керек болгондо, албетте, мындай маанилүү нерсе толугу менен, апачык Куранда айтылмак. Жана Улуу Раббибиз мунун арам (күнөө) экенин ачык жана так белгилемек. Биз чочконун этинин, пайыздын же зынаанын (никесиз байланыштын) күнөө экени жөнүндө эч күмөнгө түшпөгөн сыяктуу, муну да Куранда таптак көрмөкпүз. Бирок Куранда мындай кийинүү формасы сүрөттөлгөн эмес. Бул бир катар тафсирчилердин чечмелөөлөрүндө гана бар.

**http://www.topnews.kg/news/view/kuranda-zhooluk-zhana-hidzhab-zhnnd**

https://www.harunyahya.info/ky/makalalar/kuranda-aramdar-tiyuular-buedoemuek-aytilgan-emes